«Нравственность педагога, моральные нормы, которыми он руководствуется в своей профессиональной деятельности и жизни, его отношение к своему педагогическому труду, к ученикам, коллегам – всё это имеет первостепенное значение для духовно – нравственного развития и воспитания обучающихся. Никакие воспитательные программы не будут эффективны, если педагог не являет собой всегда главный для обучающихся пример нравственного и гражданского личностного поведения» [10].

**Использованная литература:**


1.Свадковский И. Ф. Хрестоматия по истории педагогики: 3-е изд. М.: Гос. учебно-педагогическое изд- во Наркомпроса РСФСР, 1938.
2. Ушинский К. Д. Собр. соч.: В 11 т. М.: Педагогика, 1948-1952. Т.3.
3. Крупская Н. К. Пед. соч.: В 11 т. М.: Педагогика, 1957-- 1963. Т. I.
4. Архив К. Д. Ушинского: В 4 т. М.: Педагогика, 1959-1962. Т.4.
5. Розанов В. В. Сумерки просвещения. М.: Педагогика, 1990.
6. Сквирский В. Я. О роли педагогического взаимодействия // Вест. высш. шк. 1987. № 6. 7. Кузьмина Н. В. Основы вузовской педагогики. Л.: Изд-во ЛГУ, 1972.
8. Кузьмина Н. В. Методы системного педагогического исследования. Л.: Изд. ЛГУ, 1981.
9. Стоунс Э. Психопедагогика. Психологическая теория и практика обучения. М.: Педагогика, 1984.
10. Беспалько В. П. Слагаемые педагогической технологии. М.: Педагогика, 1989.
12. Околелов О. П. Современные технологии обучения в вузе: сущность, принципы проектирования, тенденции развития // Высш. образ, в России. 1994. № 2. С. 45-50.
13. Долженко О. В., Шатуновский В. Л. Современные методы и технологии обучения в техническом вузе. М.: Высшая школа, 1990.
14. Лаврентьева Н.Б., Нечаева А.В. Педагогическая этика: Учебное пособие. - 2010.
15. Неудахина Н.А. Основы педагогического мастерства: Учебное пособие. - 2009.
16. Федорова Т.С. Современные образовательные технологии: Учебное пособие. - 2009.


**УДК 370.182**

*Рыспаева Ч. К.*
*Аспирант, И. Арабаев*
*атындагы Кыргыз мамлекеттик университети*

## БАЛДАРДЫН МЕКТЕПКЕ БИЛИМ АЛУУГА МОТИВАЦИЯЛЫК ДАЯРДЫГЫ

***Аннотация:***
*Макалада 1- класстын окуучуларынын окуу мотивациясынын өзгөчөлүктөрү анализденген. Эмпирикалык изилдөөдө мектепке чейинки мекемелерге барган жана барбаган балдардын окуу мотивацияларынын өзгөчөлүктөрүнүн салыштырмалуу анализи көрсөтүлгөн.*

*The article analyses the characteristics of learning motivation of first graders. The empirical study is a comparative analysis of the motivation of learning the disciples attending and not attending preschool educational associations to school.*

***Түйүндүү сөздөр:***
*Балдардын мектепке даярдыгы, окуучулардын окуу мотивациясы,*
*Readiness of children for school, educational motivation of the first grader*

Мектепке чейинки курак – баланын дүйнө таанымынын өнүгүүсү жана алгачкы инсан катары калыптануу мезгили.Мектепке чейин тарбиялоо маселеси баланын ылдам өсүшүндө эмес, ал ар бир мектепке чейинки балага анын жаш өзгөчөлүгүнө жараша мүмкүнчүлүгүн, жөндөмүн ачууга мүмкүнчүлүк түзүү.

Баланы мектепке окутууга даярдоо маселеси педагогикада жана психологияда (А. Анастази, Я. Йирасик, Л.С. Выготский, Л.И. Божович, Д.Б. Эльконин) кеңири каралган. Л.И. Божовичтин *теоретикалык эмгегинде* баланын инсан катары калыптануусунун мотивациялык чөйрөсүнө негизги басым жасалган Ушул көз караштан мектепке психологиялык даярдыгы, өзгөчө мотивациялык план маанилүү экендиги белгиленген. Окуу мотивиинин эки тобу белгилеген:

- окутуунун кеңири социалдык мотивдери же "баланын башка бирөөлөр менен пикир алышуу муктаждыгы, алардын баалоо жана кубаттоосуна канааттануу зарылдыгы, коомдо негизги орунду ээлөө";

- окуу ишмердүүлүгү менен байланышкан мотивдер же "баланын билүүгө кызыгуусу, интеллектуалдык активдүүлүккө жанабилим, билгичтик, ыкмаларгаээболууга муктаждыгы"[1, 23- 24 б.].

Л.И. Божович даярдыктын маанилүү компоненти катары мотивацияны белгилейт.

Ал окутуу мотивациясынын эки тобун сунуштайт.

- пикир алышуу муктаждыгы менен байланышкан мотив;

- интеллентуалдык активдүүлүккө муктаж менен байланышкан мотив

Аталган эки топтун мотивдеринин синтези "окуучунун ички көз карашын" калыптандырат.

Мотив- адам жашоосунун шартынын таасири астында түзүлгөн жана анын активдүүлүгүнүн багытын аныктоочу ишмердүүлүк козгогуч.

Бала бакчада балдарды тарбиялоо жана окутуу билим берүү мүнөздө болуп, балдардын билим менен билгичтиктикке: баланын чоңдор жана өзү куурактуу балдар менен пикирлешүү жана окуу процессин уюштуруу эки багытын көздөйт.

Чоңдор жана өзү куурактуу балдар менен пикирлешүүдөн бала ар түрдүү маалымат алуу менен бирге билим, билгичтиктин эки тобу аныкталат.

Биринчиден, күнүмдүк пикирлешүүдөн билимге жана билгичтикке ээ болот

Экинчи категорияда балдардын сабактан алган билимдери жана билгичтиктери аныкталат.

Сабак учурунда тарбиячы балдардын программалык материалды кандай өздөштүргөндүгүн, тапшырмаларды аткаргандыгын, алардын ылдамдыгын, ар тараптуу билимин, жүрүм-турумду туура сактоо жөндөмүн көзөмөлдөйт.

Мотивациялык даярдык окууга коомдук маанилүү иш катары мамиле жасоо жана билимге ээ болууга умтулууну аныктайт.

Бул мотивдердин келип чыгуу себептери – балдардын мектепке баруусу жана көптү билүүгө кызыгуусу менен шартталат. [3].

Окуучунун адам катары коомдогу маанилүү ордун жана коомдо бааланган ишин бала чоңоюунун адекваттуу жолу – ал "чоңоюу жана ал милдеттерди реалдуу иш жүзүнө ашыруу"мотивин калыптанган оюн катары сезет. [4, 57].

Мотивациялык даярдык өзүн өзү баалоо психологиялык сапатын камтыйт.

Мектепке чейинки куракта бала өзүн өзү баалаганды, ийгиликтерин жана кемчиликтерин сезе билиш керек.

Баланы мектепке даярдоо көйгөйү – бул илимий гана эмес, биринчи кезекте реалдуу-практикалык, турмуштук жана курч акыркы чечимге токтоло элек маселелердин бири. Баланын бүгүнкү жана келечектеги тагдыры ал маселелерди чечүүгө көз каранды.

Мектепке чейинки жогорку жаштагы балдардын билүү мотивациясынын ийгилигин төмөнкү педагогикалык шарттар камсыздайт: мектепке болгон кызыгуусу, билимге, билүүгө умтулуусу, акыл өстүрүүчү оюндар, көркөм окуу, кызыктуу эксперименттер; мектепке чейинки мекемелердин адистери менен ата-энелердин тыгыз байланышы аркылуу билим берүү.

Баланын мектепте окууга мотивациялык жактан даярдыгы, анда "окуучулук ички позициясынын" жетилгени төмөнкү мотивациялык белгилер аркылуу байкалат:

- бала мектепке баргысы келет жана мындай мүмкүнчүлүктүн жоктугуна кайгырат;
- окуу социалдык маанилүү иш катары кызыктырат;
- мектеп кыйынчылыгын жеңүүгө окуу мотивинин күчү жетиштүү;
- мотивдин бекем баскычтары окутуунун билим берүү жана социалдык мотивдери, жүрүм-турумдун адептик мотивдеринин басымы менен калыптанган;
- бала эркин мотивдерди, окуунун маанисин б.а., мотивациялык чөйрөнүн жогорку даражасын сезет.

Окуунун мотивдерин жана мектепке болгон мамилесин калыптандыруу- бала бакчанын маанилүү маселелеринин бири. Андыктан бала менен үч багытта иштөө керек:

1. Мектеп жана окуу жөнүндө туура түшүнүк берүү
2. Мектепке жана окууга эмоционалдык оң мамилесин калыптандыруу
3. Окуу ишмердүүлүгүнүн элементардык тажрыйбасын калыптандыруу

Бул максатта ар түрдүү ыкмалар жана усулдар колдонулат: мектепке экскурсия уюштуруу, мектеп жөнүндө маектешүү, аңгемелерди окуу, мектеп жөнүндө ырларды жаттоо, сүрөттөрдү көрүү,

сүрөт тартуу, мектеп жөнүндө оюн уюштуруу, мектеп бүтүрүүчүлөрү менен жолугушуу, фильмдерди көрүү, талкулоо ж.б.

Мектеп турмушунун бардык жактарын чагылдырган: мектепке кубануу менен бараткан балдарды, билимдин, сабактардын маанилүүлүгүн, достук, жардамдашуу, жүрүм-турум эрежеси тууралуу материалдарды тандоо. Жакшы жана жаман окуучунун образын, жүрүм-турумундагы оң жана терс сапаттарды көрсөтүү зарыл.

Балдар эстеп кала турган күлкүлүү сүрөттөрдү, тексттерди колдонуу пайдалуу.

Мектеп жөнүндө оюнда окуганды билбеген, жүрүм-туруму начар, бирок аны үйрөтүүгө мүмкүн болгон Билбестин (Незнайка) образы аркылуу үйрөтсө пайдалуу.

Биздин максатыбыз мектепке чейинки мекемелерге барган жана барбаган балдардын мектептик мотивациясын изилдөө болгон.

Изилдөөбүз Бишкек шаарындагы №48 мектепте 2014-жылы сентябрь, октябрь айларында жүргүзүлгөн. Ага 1-класстын 20 окуучусу катышып, М.Р. Гинзбургдун окуу мотивин аныктоо ыкмасы колдонулду.

Тажрыйба ар бир бала менен өзүнчө жүргүзүлүп, бардык тапшырмалар оозеки түрүндө аткарылды.

Байкоо жана тажрыйба тайпаларынын салыштыруу анализи 1 жана 2 диаграммада берилди.





Диаграмма 1.





Диаграмма 2.

1 диаграммадан мектепке чейинки мекемелерге барган балдардын мотивациялык окуу деңгээли жогорку – 80 % жана төмөн- 20% түзгөн. Мектепке чейинки мекемелерге барбаган балдардын мотивациялык окуу деңгээли жогорку – 40 %, ортоңку – 40% жана төмөн- 20% түзгөн.

Жыйынтыгында "Окутуу мотивинин аныктамасы" ыкмасы боюнча жыйынтык тайпалар арасындагы айырмачылыкты көрсөттү.

Изилдөөдө көрсөтүлгөндөй, мектепке чейинки мекемелерге барган балдардын тез-тез берген жооптору окууга болгон мотивациясынын үстөмдүүрөк кылып турганын аныктайт.

Ал эми мектепке чейинки мекемелерге барбаган балдардын кырдаалга жараша чагылдырган сүрөттөрүндө мотивдин бир гана туру эмес, ар түрдүү мотивдер басымдуулук кылганы, окуу мотивациясынын туруксуздугун тастыктады, демек, мектепке мотивациялык жактан даяр эместигин далилдейт.

Жыйынтыгында мындай деп белгилөө болот: бардык ата-энелер балдарын мектеп программасын өздөштүрүүгө, мектепке толук, ар тараптуу даярдай алышпайт. Бала бакчага барбаган бала, мектепке даярдыгы төмөн, анткени "үй" балдарынын ата-энеси атайын адистер менен кеңешишпейт жана окуу-тарбия процессин өзүнүн көз карашында түзүшөт. Ал эми мектепке чейинки мекемелерге барган балдар мектепке бала бакчадан даярданышат.

Билим берүү системасында бала бакча баланы ар тараптуу тарбиялоо менен, мектепке даярдоо өзгөчө орунду ээлейт. Бала мектепке канчалык сапаттуу жана өз убагында даярдалган болсо, анын андан аркы окуусундагы ийгилик жемиштүү болот. Бала бакчада балдарды мектепке даярдоо эки милдетти аткарат: ар тараптуу тарбиялоо (физикалык, акыл-эстик, адеп-ахлактык, эстетикалык) жана мектеп предметтерин өздөштүрүүгө атайын даярдык.

Үй-бүлө менен бала бакчанын тыгыз байланышы, алардын бардык жактан кызматташтыгы баланын мектепке даярдыгын калыптандыруудагы оптималдуу жол болуп саналат. Баланы мектепке толук жана туура даярдоонун жалпы жыйынтыгына жетүү максатында бала бакча менен үй- бүлө биримдикте кызматташуу керек, тарбиячы үй бүлөнүн жардамына таянып, ал эми ата-эне өздөрүнүнүн иш-аракетин бала бакча менен макулдашышы зарыл.

**Пайдаланган адабияттар:**


1. Божович Л.И. Баланын мотивациялык чөйрөсүн өнүктүрүү көйгөйү // Балдардын жана өспүрүмдөрдүн жүрүш-турушун окуу - Москва, 1972ж.
2. Гинзбург М.Р. Жеке инсандык Психологическое содержание личностного самоопределения.//Вопросы психологии, 1994г.
3. Россия педагогикалык энциклопедиясы - http://www.otrok.ru.
4. Эльконин Д.Б. Баланын психологиялык өнүгүүсүн аныктоонун айрым маселелери // Китепте.: Баланын окуу ишмердүүлүгүнжана интеллектуалдык өнүгүүсүн аныктоо. – М.: Педагогика, 1981ж.



**УДК 371. 044. 2**



***Рыспаева Ч.К.,***

*И. Арабаев атындагы КМУ, аспирант.*


## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ МЕКЕМЕЛЕРГЕ БАРГАН ЖАНА БАРБАГАН БАЛДАРДЫ МЕКТЕПКЕ БОЛГОН ДАЯРДЫГЫНЫН САЛЫШТЫРМАЛУУ ТАЛДООСУ


***Аннотация:***

*Макалада 1-класстын окуучуларынын интеллектуалдык даярдыгынын өзгөчөлүктөрү анализденген. Эмпирикалык изилдөөдө мектепке чейинки мекемелерге барган жана барбаган балдардын интеллектуалдык жактан болгон даярдыгынын өзгөчөлүктөрүнүн салыштырмалуу анализи көрсөтүлгөн.*

*The article analyses the characteristics of intellectual preparedness of first graders. The empirical study is a comparative analysis of the intellectual preparedness the disciples attending and not attending preschool educational associations before school.*



***Түйүндүү сөздөр:***

*Мектеп жашына чейинки курак, мектепке даярдык, интеллектуалдык даярдык, жөндөмдүүлүк; компонент, психологиялык даярдык, деңгээл, мотивация.*

*Preschool age, readiness for school, intellectual readiness for school, ability, component, psychological preparation, level, motivation.*


Мектеп жашына чейинки курак баланын индвидуалдуулугу, өздүк аң сезими өнүгүү менен бирге бул мезгил инсан болуп калыптанышынын баштапкы этабы катары каралат. Мектеп жашына чейинки бала өтө сезимтал келет дагы, мындан ары психикалык процесстер- туюу, кабыл алуу, эс, ой процесси, элес жана чыгармачыык ургаал өнүгөт. Бала акырындык менен белгиленген максатты негизинде аң- сезмдүү аракеттенүүгө үйрөнөт [2].

Мектепке чейинки мекемелердеги тарбиялоо баланын өнүгүүсүн ылдамдатууда эмес, эң биринчиден балага курактык өзгөчөлүктөрүн жана жөндөмдүүлүктөрүн ачууга мүмкүнчүлүкөрдү берүүчү шарттарды түзүү болуп саналат.

Мектеп жашына чейинки куракта эң негизги компонент болуп баланын мектепке психологиялык жактан даярдыгы эсептелинет. Психологиялык жактан даярдык дегенибизде, баланын куракташ балдар менен группа шартында, мектептеги окуу программасын өздөштүрүүгө ылайыкташырылан, психиканын керектүү жана жетишээрлик өнүккөн деңгээли дегенди түшүнөбүз.

И. Ю. Кулагина мектепке болгон даярдыктын эки көз карашын бөлүп чыккан: мотивациялык жана интеллектуалдык, ошону менен бирге алар өнүгүүнүн мотивациялык, интеллектуалдык жана сүйлөө (речь) сфераларынын өнүгүүсүндө чагылдырылганын билдирген [3].

Бала мамилелешүүнүн жаңы чөйрөсүнө жеңил кирүүгө, жаңы шарттарга батыраак көнүп кетүүгө жана баланын иш- аракети ийгиликтүү болушуна жогоруда айтылып өткөн эки көз караштын тең болушу зарыл.

Мектеп жашына чейинки куракта жакшы өнүккөн бала, мектепке өнүгүүнүн бул сферасы жетишээрлик жана белгилүү деңгээли менен келет.

Бул жагдайда Л.С. Выготский жана анын жолун жолдоочулар: Л. И. Божович, Д. Б. Эльконин тарабынан иштелип чыккан жол- жоболорго токтолуп кетүү зарыл [1].